DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Көкөева А.М., Шакирбаева Б.*

## ҮЙ-БҮЛӨДӨ БАЛДАРДЫ АДЕПТҮҮЛҮККӨ ЖАНА МАДАНИЯТТУУЛУККА ТАРБИЯЛООДО ААЛАМДАШУУ ДООРУНУН ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

*Кокоева А.М., Шакирбаева Б.*

## ВЛИЯНИЕ ЭПОХИ ГЛОБАЛИЗАЦИИ В ВОСПИТАНИИ ДЕТЕЙ НРАВСТВЕННОСТИ И КУЛЬТУРЕ В СЕМЬЕ

*A. Kokoeva, B. Shakirbaeva*

## THE INFLUENCE OF THE ERA OF GLOBALIZATION IN THE UPBRINGING OF CHILDREN, MORALITY AND CULTURE IN THE FAMILY

*УДК: 34343*

*Макалада автор тиешелүү укуктук-ченемдик актыларга, илимпоздордун эмгектерине жана эмпирикалык базага таянып, үй-бүлөдө баланы адептүүлүккө, маданияттуулукка тарбиялоонун жолдору боюнча алардын эл аралык тажрыйбада чечүү жолдоруна токтолгон. Үй-бүлөдө балдарды тарбиялоодогу ата-эненин кандай таасири болуш керек. Балдар ата эне тарабынан кандай тарбияланып жатат. Ата-эне балдарга кандай көнүл буруп жатат. Балдар канткенде үй-бүлөдөн адептүүлүккө маданиятуулукка үйрөнөт. Албетте бала үй-бүлөдө ата-энесинен кандай тарбия алса коомдо адамдар менен мамиле кылышты үйрөнөт. Бардык тарбия биринчи үй-бүлөдөн башталат. Үй-бүлөдө бала адептүүлүккө, маданиятуулукка тарбиялануу менен коомдо өзүн алып жүрүүсү менен жарандар менен мамиле кылуусу, кылмыштуулукка кабылбоосу керек. Ошондуктан үй-бүлөдө балдардын ата-эне тарабынан тураа тарбиялануусуна кепилдик берүүсү мүнөзгө ээ. Үй-бүлө коомдун негизги бөлүгү болгондуктан бала тарбиялоодо эң чоң рол ойнойт. Ошондуктан баланын жаш кезинен баштап эле ата эне көңүл буруп туура тарбия берүүбүз абзел. Баланын тарбия алуусу, билим алуусу үй-бүлөдөн калыптанат. Ата-эненин жүрүш турушу балага чоң таасир берет. Ата-эне кандай болсо балада ошол тараптын тарбиясын алып өсөт.*

***Негизги сөздөр:*** *адепттүүлүк, маданияттуулук, үй-бүлө кылмыштуулук, ата-эне, коом, бала.*

*В статье автор опирается на актуальные нормативно-правовые акты, работы ученых и эмпирическую базу, и акцентирует внимание на путях их решения в мировой практике в сфере нравственно-культурного воспитания детей в семье Каким должно быть влияние родителей в воспитании детей. Среди них и то, как детей воспитывают родители. Как родители обращают внимание на своих детей? Как дети учатся семейному этикету? Конечно, ребенок учится вести себя с людьми в сообществе так же, как семья воспитывается родителями, все воспитание начинается в первой семье. Не является преступлением, если ребенок в семье воспитывается в нравах и культуре и ведет себя в обществе. Поэтому семья имеет право на то, чтобы родители правильно воспитывали детей. Поскольку семья является неотъемлемой частью общества, она играет важную роль в воспитании детей. Поэтому с раннего возраста родителям необходимо уделять внимание и правильно воспитывать своих детей. Воспитанием и образованием ребенка занимается семья. Поведение родителей оказывает большое влияние на ребенка. Что бы ни делали родители, ребенок растет с таким воспитанием.*

***Ключевые слова:*** *нравственность, культурность, семья, преступность, родители, общество, ребенок.*

*In the article, the author focuses on current normative and legal acts, the work of scholars and empirical basis, and emphasizes the attention paid to their decisions in world practice in the field of moral and cultural upbringing of children. Among them and the same as children are raised by parents. How do parents pay attention to their children? How do children learn family etiquette? Of course, the child learns to raise himself with the people in the community as the family is raised by the parents, all the upbringing begins in the first family. There is no crime, if the child in the family is brought up in morals and culture and leads himself in society. Therefore, the family has the right to the fact that the parents properly educated the children. Although the family is an integral part of society, it plays an important role in the upbringing of children. Therefore, from an early age, parents need to pay attention and properly educate their children. The family is engaged in the upbringing and education of the child. Behavior of parents shows a great influence on the child. What would have been done by the parents, the child will grow up with such upbringing.*

***Key words:*** *morality, culture, family, crime, parents, society, child.*

Ар бир эле ата-эненин бирден бир максаты баласын тура багып өстүрүү. Баланын тарбиясы, билим алуусу үй-бүлөдөн башталат, ата-энесинин жүрүш-турушунан калыптанат. Бала канчалык жаш болсо, анын кабыл алуусу ошончо тез, терең болот. Жаш кезинде бала ата-эне эң күчтүү, эн сулуу, эң мыкты болуп сезилет. Алгачкы эң сезимтал жылдарын бала ата-энеси менен өткөрөт, алардын сүйлөгөнүн сүйлөп, жасаганын туурайт. Ошондуктан баланын жаш кезинде ата-эне кайдыгер мамиле жасабай, күчүн аябай, колунан келишинче ага тарбия, билим берүүгө милдеттүү. Балдарга карата бардык аракеттерде, алар социалдык жактан камсыз кылуу маселелери жагында иш жүргүзгөн мамлекеттик же жекече мекемелер, соттор, административдик же мыйзам чыгаруу органдары тарабынан колдонулгандыгына карабастан биринчи кезекте баланын таламдарын эң мыкты камсыздоого көңүл бурулат [1].

Баланын тарбиясына, анын келечегине биринчи иретте үй-бүлө жоптуу болуп эсептелет. Көп ата-энелер «балам чоңойсун, анан тарбиялап, үйрөтүп алам» дешет. Бирок бул чон жаңылыштык, себеби андай болгондо тарбиялоого кеч болуп калышы мүмкүн. Көбүнчө ата-энелердин ою боюнча билим – берүү бул тамга таанууну, жазууну, саноонуу үйрөтүү. Бирок, билим алууда тамга таануудан, жазуудан, саноодон

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



тышкары, бала коомдогу мамиле түзүүнү үйрөнүүсү тийиш.

Үй-бүлө коомдун негизи болгондуктан, бала тарбиялоодо эң чоң ролду ойнойт. Балага тарбия берүү жашообуздун бирбөлүгү болгон соң, ага чоң маани берүү абзел. Анын келечекте кандай адам болооруна үйдөгү ата-эненин тарбиясы чоң рол ойнойт. «Куш уядан эмнени көрсө учканда ошону алат» демекчи, баланын өз алдынча калыптануусу, коомдогу орду, мунун баардыгы ата-энеге байланыштуу [2, 6-б.].

Балдарды тарбиялоодо ар бир адам ката кетирет. Биз, атүгүл чоңдор да, иш-аракеттерибиз сырттан кандай көрүнөрүн жана келечекте жаш муунга кандай таасир этээрин дайыма түшүнө албайбыз. Бирок, ата-энелик тарбиянын кээ бир ыкмалары пайдасынын көрө зыяны көп. Атасы же апасы чоочундардын көзүнчө ачуусу келип, кыйкырып, баланы жазалайт. Ошол учурда алар башкаларда угуп атат деп ойлошпойт. Бирок балада башкалардын көзүнчө урушуп, жазалап аткандары эсинде калат. Жана ошондой эле эл алдында жазалоо баланын өзүнө болгон ишенимин кетирет. Анын уят сезими калыптанып калат дагы андан арылуу өтө кыйын болот.

Балабызды сейрек кучактап, же сүйөбүз деп аз айтсак, ал үй-бүлөдөн эмоционалдык жактан ажырап калат. Биз анын сезимдерин жана пикирин укпай кайдыгерликти көрсөтсөк балабыз башкаларга ошондой мамиле кылышы мүмкүн. Ал үчүн келечекте бирөө менен жакындашуу, ишенүү, достошуп, үй-бүлө куруу кыйыныраак болуп калат. Балдарыбыз менен болгон көйгөйдү жабуунун бир жолу – жөн эле кетип калуу жана аны унутуу деп ойлосок жаңылып калышыбыз мүмкүн. Бул биз ойлогондой баары өзүнөн-өзү чечилет дегенди билдирбейт. Ата-эне менен баланын ортосундагы катуу урuштан кийин, же сөзүнүзгө турбай калганыңыздан, баланы алдагандан кийин кайрадан баарын оңдоого аракет кылууңуз керек - ишенимди калыбына келтирүү абдан зарыл. Ал үчүн балаңызды сыйлап, тынчтанып, бирдей деңгээлде сүйлөшүү керек. Биринчиден анын кандай сезимде болгонун угуп, көйгөйдү жана өзүңүздү баланын көз карашы менен көрүүгө аракет кылыңыз. Ата-эне бала тарбиялоодо жаңылыштык кетирбеш керек. Эмне үчүн ата-энелер балдарынын чоңойюп калганына маани бербей, мурдагысындай эле мамиле кыла беришет? Же тескерисинче кичинекейинен эле жоопкерчиликтин баарын артып салып, сен тун уулумсуң, же тун кызымсың деп андан чоң нерселерди талап кылышат.

Психологдордун айтуусу боюнча бүгүнкү күндө ата-энелердин бардыгы эле үй-бүлө күтүүгө, баланы тарбиялоого даяр эмес. Ал үчүн ата-энеде атайын билим болушукерек. Союз учурунда эч кандай даярдыгы жок эле балдарды жакшы тарбиялашчу деп айтышат. Ал мезгилде чоң-чоң үй-бүлөлөр болгон, ата-энесинен сырткары чоң ата, чоң эне байкелеринин, жеңесинин жүргөндөрүн көрүп эле бала алардан үлгү алып тарбияланышчуу. Азыр болсо жаштар үй-бүлө курары менен өз алдынча бөлүнгөнчө шашышат.

Алардын балага кандай тарбия бериш керектиги тууралуу маалыматтыда жок [3, 7-б.].

Андан сырткары муундар ортосундагы карама-каршылыктарда бар. Мисалы: Кээ бир үй-бүлөлөрдө чоң , же чоң энелери баланы кичинекей көрүп ага тийбе десе, баланын өз ата-энеси «бул чоңойуп калды, аткарсын, жоопкерчиликти алганды үйрөтүшүбүз керек» деп айтышат.

Ар бир үй-бүлө мүчөсүнүн бири-бирине болгон мамилеси тарабынан тарбиясына сөссүз өз таасирин тийгизет. Үй-бүлөлөр дагы бири-биринен айырмаланат. Бирин-бири сыйлаган, түшүнгөн үй-бүлөдө баласы өзүнүн гана ата-энесин, бир туугандарын, башка туугандарын сыйлагандан сырткары өзүнүн тентуштарында сыйлайт, тегерегиндеги адамдарга да сый мамиле жасайт. Бул баланын үй-бүлөөдөн алган адептүүлүккө, маданияттуулукка болгон тарбиясы болот. Ал эми үй-бүлөнүн мүчөлөрүнүн ортосунда чыныгы жылуу мамиле болбосо анда мындай көрүнүш баланын өөрчүшүнө терс таасир бербей койбойт. Ата-эненин балага коюлган талаптары өздөрүнүн жүрүш-туруштарына шайкеш болуш керек. Эгерде озүлөрү аткарбаган нерсени баладан талап кылса, бала анны жасабайт, же калпка, эки жүздүлүккө үйрөнөт. Үй-бүлөдө ар бир бала ата-энелер тарабынан сүйүүгө, мээримге ээ болушу керек. үй бүлө мыйзамында көргөзүлгөндөй Үй-бүлө, аталык, энелик, балалык-бүткүл коомдун камкордугунун жана айрыкча мыйзамдык коргоонун жүйөсү. Мамлекет жарандарды үй-бүлөлүк турмушка, жубайлыкка, аталыкка жана энеликке даярдоону камсыз кылат.Мамлекет жетим балдарды жана ата-энесинин камкордугунан ажыраган балдарды багууну, тарбиялоону, окутууну камсыз кылат.

Үй-бүлө мыйзамдары үй-бүлөнү чыңдоо, үй-бүлө мамилелерин өз ара сыйлашуу, өз ара жардамдашуу сезимдерин куруу жана үй-бүлөнүн алдындагы анын бардык мүчөлөрүнүн жооптуулугунун, кимдир бирөөнүн үй-бүлөнүн ишине оюна келгендей кийлигишүүсүнө жол бербөөнүн, үй-бүлө мүчөлөрүнүн өз укуктарын тоскоолдуксуз жүзөгө ашыруусун камсыз кылуунун бул укуктарда сот аркылуу коргоо мүмкүнчүлүгүнүн үй-бүлө мамилелериндеги гендердик теңдиктин зарылдыгынан улам келип чыгат [4.8. 1-ст.].

Мээримди, камкордукту сезген баланын акыл-эс психикасы жакшы өсөт, башкаларды сүйүүнү, адамдарга камкор болууну үйрөнөт. үй-бүлөдө бала чынчылдык, тууралык, калыстык чөйрөсүндө чоңойсо жакшы. Бала жалган айтууну ата-энесинен үйрөнөт. Ал эми баланы калыстыкка үйрөтүүнүн эң туура жолу балдарыбыздын баарына бирдей мамиле жасообуз зарыл. Үй-бүлөдө балдар эркин ойлонууга, өз пикирин айтууга, өз көз карашын түшүндүрүп, коргоого укук-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



туу болуусу керек. Кичинесинен эркин ойлонуп, өз оюн тартынбай билдире алган балдар өз алдынча болуп өсөт, жашоодо өз позициясына ээ болот. Үй-бүлөлүк мамиледе кыйкырык, уруп-согуу, жемелөө мүмкүн болсо жок болушу керек. Ар дайым уруш-талаш үй-бүлөдө чоңойгон бала ташбоор, ырайымсыз, адепсиз, маданиятсыз жашоого болгон терс көз караште болушуп, жаман жолго түшүп кетишет.

Ата-энеси ар кандай мамлекетте жашаган бала өзгөчө жагдайлар болгондон башка учурларда, ата-энесинин экөө менен тең туруктуу негизде жеке мамилелерде жана тикелей байланыштарда болууга укуктуу. Ушул максатта жана БУУнун катышкан мамлекеттеринин милдеттенмелерине ылайык катышкан мамлекеттер баланын жана анын ата-энесинин ар кандай өлкөдөн, анын ичинде өзүнүн өлкөсүнөн кетүүгө жана өз өлкөсүнө кайтып келүүгө болгон укугун урматташат. Ар кандай өлкөдөн кетүү укугуна карата мамлекеттик коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын ден-соолугун же адеп-ахлактуулугун же башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо үчүн мыйзамда белгиленген жана зарыл болгон Конвенция тарабынан таанылган башка укуктарга ылайык келген чектөөлөр гана колдонулат [5.1.10-ст.]

Үй-бүлөдө керек учурларда балдардын каалоолорун чектөө керек. Керектүү учурларда балдардын обужок калоолоруна тыюу сала билүү дагы керек. Болбосо балдар ар кандай себептерге дуушар болушу мүмкүн. Үй-бүлөдө каада-салттар жакшы эмоциялык сезимдер менен коштолуусу зарыл. Туулган күн, майрам, мейман тосуу ж.б. жакшы эмоциялык климатта өз ара түшүнүү, сүйүүнү, капалык кубанычты бөлүшүү, бири-бирин кучактап балдарды боорукерликке тарбиялайт. Үй-бүлөдө балдарды кайсыл сапаттарды тарбиялагысы келсе, ата-эне ошонун үлгүсүн өздөрүндө көрсөтүүсү зарыл.

Ата-эне өздөрү чынчыл болуусу, билимдүү, маданиятты, эмгекти сүйүүсү керек. Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленгендей ар бир бала билим алууга укуктуу. Негизги жалпы билим алуу милдеттүү. Ар ким мамлекеттик билим берүү уюмдарында негизги жалпы жана орто жалпы билимди акысыз алууга укуктуу [6.2. 45-с.1,2-п].

Таалим тарбия иштери балдарды үй-бүлөдө кичинесинен баштап эле эли жерин сүйүүгө, улууларды сыйлоого, маданияттуу жүрүм-турумга, адеп-ахлак адаттарына, өзүнө берилген тапшырмаларды жана милдеттерди так аткарууга, ага жоопкерчилик менен мамиле жасоого, ынтымактуу ойноп биргелешип иштеп үйрөнүүгө, өзүнүн жана башка балдардын кылык жоруктарына адилет баа берүүнү тарбиялоого, жөнөкөй турмуштук көндүмдөрүн калыптандырууга багытталат.

Үй-бүлө – коомдун негизи. Үй-бүлө, ата болуу эне болуу, балалык – бүткүл коомдун камкордугуна алынат жана мыйзам менен артыкчылыктуу корголот [7.2 36-ст.1-п.].

Үй-бүлөдө ата-эне улуу инсандардын айткан накыл сөздөрүн, осуяттарын жана окумуштуулардын илимий изилдөөлөрүнүн жетишкендиктерин айкалыштыруу аркылуу элдик оозеки чыгармаларды, акын жазуучуларыбыздын чыгармаларындагы көркөм сөздүн бай үлгүлөрүн балдардын жаш курактарына ылайык колдонуп, аларды ыймандуулукка, адептүүлүккө, маданияттуулукка жана эстетикалык сезимдеринин өркүндөшүнө калыптанышына, образды көркөм сүйлөөсүнө, окуяларды туура айтып берүүсүнө, эне тилинин байлыктарын түшүнүүсүнө жана аларды турмушуна пайдалана алуусуна таасир этсек болот.

Илгертеден эле ата-бабаларыбыз адамдарды жакшылыкка үндөп, жаман адаттардан алыс кылган, адепке тарбиялаган жомокторду ж.б оозеки чыгармаларды балдарды тарбиялоодо колдонуп келишкендиктери чындык. Жомокторду уккан балдар чечкиндүүлүккө, жоопкерчиликке, улууларды урматтап, кичүүлөрдү ызаттогоо, кайрымдуу болууга, боорукерликке, бири-бирине жардамдашууга жана башка адептүүлүк сапаттарына ээ болушкан. Улуулар жомок аркылуу баланын кулк-мүнөзүн, жүрүм-турумун калыптандыруучу педагогикалык максатты көздөшкөн. Баланын акыл-эсинин калыптанышы, дүйнө таанымы кыялдануу аркылуу байыйт. Бул өз кезегинде жашоо тиричилик жөнүндө баланын түшүнүгүн өркүндөтүүгө багытталган жол болуп эсептелет. Кыялдардын алып-учуп, өөрчүшүнө өзгөчө салымын кошкон жомоктор экендиги талашсыз.

Бала жомокту угуп, же окуп жатып жомокто берилгендерди кыялында элестетет. Бул жагдай ал үчүн пайдалуу жана абдан рахат алчу бир манилүү учур. Жомоктордо адамдарга тиешелүү касиеттер, адамды каркандай сапаттар турмуштук аркандай мисалдар менен түшүндүрүлсө, ошончолук анын баланын акыл эсинин калыптануусуна тийгизген таасири дагы артат. Жомоктор аркылуу балдардын: ойлонуп, өз алдынча жыйынтык чыгаруу жана кыялдануу сезимдери өнүгөт;башкаларга жакшылык кылуу, эмгекчилдик, боорукердик, кичипейилдик, ата-энени улууларды ардактоо, сыйлоо сыяктуу жакшы мүнөздөрү калыптанат. Үй-бүлө коомдун бир бөлүкчөсү болуп саналат. Ошондуктан коом мына ушул үй-бүлөлөрдөн куралат.

Үй-бүлөдө канчалык ынтымак болсо, анда коомдо да ошончолук биримдик күчөйт. Үй-бүлөдө балдарга берилген туура тарбия коомдогу биримдикти күчөтөт. Ал эми үй-бүлөдөгү тарбиянын начар болуусу коомдун өнүгүшүнө жолтоо болот. Мына ошондуктан катардагы бир үй-бүлөдө болгон көйгөй бүт коомчулуктун да көйгөйү болот. Үй-бүлөдө балдардын тарбиясына кош көңүл мамиле кылынса, анда

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



алардын тарбиясыз чоңоюушуна жол ачылат. Ошондуктан коомдун өзөгү болгон үй-бүлөнү бекемдөө үчүн таалим-тарбияга терен көңүл бөлүү зарыл.

Баланы тарбиялоо үй-бүлө куруудан мурун башталат. Үй-бүлө курууда эркек да, аял да ыйманына карап жубай тандап, баш кошушса, анда алар бала тарбиялоодо эң негизги шартты аткарган болот. Мисалга алып айтсак, үй-бүлө жер сыяктуу. Жерден мөмөлүү дарактар өсүп чыккандай эле үй-бүлөдөн да келечекти куруучу балдар пайда болот.

Эгерде үй-бүлөдө баланын тарбиясына терең көңүл бурулуп, туура багыт берилсе, анда бала мөмөлөгөн дарактай түшүм берет. Ал эми эгер балага тарбия берүүгө кош көңүл мамиле кылынса, анда куураган дарак түшүм бербеген сыяктуу, бала да тарбиясыз болуп чоңойот. Таалим-тарбия берүүдө ата-эне негизги ролду ойнойт. Анткени ата-эне үй-бүлөнүн эң негизги устуну. Эгерде бул эки устун бекем болсо, анда үй-бүлө да бекем болот. Мына ушундай бекем үй-бүлөдөн ыймандуу, адептүү маданиятуу балдар чыгат.

Үй-бүлөдө ата-эне балдарына тарбия берүүдө аларды уул-кыз дебей, улуу кичүү дебей ар бирине бирдей көңүл бөлүп тарбиялоосу зарыл. Үй-бүлө өзүнчө бир чоң аалам. Ошол ааламдын ичинде тарбия алган бала коом менен толук аралашпай туруп, коомдогу өз ордун табат жана келечегине даярданат. Кайсы гана бала болбосун ал коомго толук аралашуудан мурда ата-энесинен гана тарбия алат. Андан соң ал коомго аралашып баштаганда гана сырттан тарбия алат. Баланын жекече ой-жүгүртүүсүнө, жашоодо туткан жолуна жана эл менен аралашуусуна ата-эне жоопкер.

Ата-эне балага башынан туура багыт берсе, анда ал келечекте туура багыт алат. Ал эми эгер балага туура эмес багыт көргөзсө, анда ал сөзсүз адашат. Бала тарбиялоодо ата-эненин таасири өтө чоң экендигине ачык далил. Баланын кулк мүнөзүнө, ан-сезимине анын ата-энеси чоң таасир берет. Анткени бала эң биринчи ата-эненин кол астында чоңойот. Дүйнөнү ата-энеси аркылуу тааныйт.

Ата-эненин кулк-мүнөзү, ишеними акырындык менен балага өтөт. Ислам дини балдарга тарбия берүүгө терең көңүл бөлөт. Анткени жакшы-таалим - тарбия берүү баланы тууралыкка, кулк-мүнөздүүлүккө багыттайт. Ошентип балага тарбия берүүгө терең көңүл бөлүү жана көзөмөл кылуу менен коомдо сапаттуу үй-бүлөлөр куралат. Адам баласы бул жашоодо коомго өз ордун, өз үнүн, өз табылгасын кошуп, татыктуу жашап өтүүнү максат кылат эмеспи. Ар бир пенде өмүр жолунда жакшы из калтырууну туура ойлоно билсе, ага кызыга алат. Кызыгуунун болушунун зарылдыгы келип чыгуучу жыйынтыктын мөмөлүүлүгүн камсыз кылат.

Бул жашоодо адам баласынын из калтыруусу үчүн бир нече багыттар бар. Алардын бир бала тарбиялоо. Келечек ээлери болгон жаштарыбызга, балдарыбызга татыктуу тарбия, каныккан билим берүү ар бири биздин атуулдук милдетибиз, адамдык ыйык парзыбыз деп ойлойм. Эртеңки жаркын келечек, тарбиялуу коом, өнүккөн маданиятуу турмушубуз үчүн балдарыбызга терең, туура тарбия берүү зарылдыгы келип чыкты. Коомчулук жапатырмак киришип, ар бир үй-бүлө, ар бир ата-эне баланы туура тарбиялоого астейдил кызыкдар болуп, үйдө да, мектепте да, көчөдө да балдарыбыз тура багытты тандоосу үчүн тарбия багытындагы бардык шарттарды жандандыруубуз керек деп ойлойм. Үй-бүлөдө балдарды келечекке багыттап тарбиялоо маанилүү.

**Адабияттар:**


1. Балдардын укуктарын коргоо боюнча конвенция.
2. Кыргыз Республикасынын Конституциясы 2021-ж. 5-май №59 редакциясына ылайык.
3. КР 2022-жылдын 18-январындагы №4 Мыйзамынын редакциясына ылайык.
4. Кыргыз Республикасынын балдар жөнүндө кодекси 2020-жыл 1-августтунда №109 мыйзам. редак. ылайык.
5. tyup.netpage.balany-tarbijaloo Жыргалбекова С.
6. bilesinbi.kg.article.134.Tarbiiaberyydoata_eneninkatasy. Психолог Таалайбек Жакыпов
7. Үй-бүлө кодекси 2020-жылдын 1-август. №109, 2020-жылдын 17-августундагы №135.
8. Ибраева Г. Эстетическое воспитание – очень значительное воспитание. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2012. №. 6. - С. 247-248.
9. Кудабаева Г.Б., Сейдакматова А.Э. Значение семейного воспитания в развитии личности ребенка. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2020. №. 5. С. 91-94